Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги
А.Ж.Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университети

"Каралды"
ОшМПУнун Окумуштуулар кеңеши
№ 4 Протоколу
24 01 2022ж

"Бекитилди"
ОшМПУнун ректору
п.и.б.проф. Зулуев Б.Б.
01 2022ж

Коомчулук менен байланыш бөлүмү жөнүндө
ЖОБО

1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1.1. Коомчулук менен байланыш бөлүмү – бул Ош гуманитардык педагогикалык институтунун структуралык бөлүмү болуп саналат. Ал институттун структурасына ректордун буйругу менен гана кошулат жана чыгарылат.

Институттун коомчулук менен байланыш бөлүмү жөнүндөгү ушул жобо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, ченемдик укуктук актыларына, ошондой эле Ош гуманитардык педагогикалык институтунун уставына ылайык иштелип чыккан.

Жобо институттун ректорунун буйругу менен кабыл алынат жана бекитилет.

1.2. Коомчулук менен байланыш бөлүмү өз ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, конституциялык мыйзамдарын жана ченемдик укуктук актыларын, Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктарын жана буйруктарын, институттун уставын, ректордун буйруктарын жана тескемелерин, ушул жобону жана институттун башка жергиликтүү ченемдик актыларын жетекчиликке алат.

1.3. Коомчулук менен байланыш бөлүмү өз ишин институттун бардык структуралык бөлүмдөрү, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги жана башка мамлекеттик бийлик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен бөлүмдүн компетенциясына кирген маселелер боюнча өз ара аракеттенүү аркылуу жүзөгө ашырат. Бөлүмдүн структурасын институттун ректору аныктайт. Коомчулук менен байланыш бөлүмүнүн штаттык расписаниесин ректор коомчулук менен байланыш бөлүмүнүн башчысынын сунушу боюнча бекитет.

1.4. Бөлүмдүн жетекчилигин кызматтык нускамага ылайык коомчулук менен байланыш бөлүмүнүн башчысы жүргүзөт. Коомчулук менен байланыш бөлүмүнүн башчысы институттун ректоруна түздөн-түз баш ийет.

Коомчулук менен байланыш бөлүмүнүн башчысы ректордун буйругу менен кызматка дайындалат жана кызматтан бошотулат.

Коомчулук менен байланыш бөлүмүнүн башчысы жок болгон учурда (иш сапар, өргүү, оору ж.б.), анын милдеттерин ректордун буйругу менен дайындалган бөлүмдүн адистеринин бири аткарат.

1.5. Коомчулук менен байланыш бөлүмүнүн адистери административдик-башкаруучу персоналдын категориясына кирет. Алар эмгек келишимдеринин негизинде Институт менен эмгек мамилелеринде турат, жеке кызматтык нускамаларды жана ушул жобону жетекчиликке алат.Бөлүмдүн кызматкерлерин жумушка алуу жана бошотуу, сыйлоо же тартиптик жоопкерчилик чараларын колдонуу коомчулук менен байланыш бөлүмүнүн башчысынын сунушу боюнча ректордун тиешелүү буйруктарынын негизинде жүзөгө ашырылат.

2. НЕГИЗГИ МИЛДЕТТЕР

Коомчулук менен байланыш бөлүмүнүн негизги максаты –институттун оң имиджин түзүү жана анын ишмердүүлүгүн жалпыга жайылтуу.

Бөлүмдүн негизги максаты өз ичине төмөнкүдөй милдеттерди камтыйт:

1. Бөлүмдөрдүн иши жөнүндө актуалдуу жана ишенимдүү маалымат алуу үчүн институттун бардык бөлүмдөрү менен өз ара тыгыз кызматташуу.
2. Институтта өткөрүлүп жаткан иш-чараларды жана студенттер же кызматкерлер катышкан ички жана тышкы иш-чараларды чагылдыруу.
3. Социалдык тармактарда жана окуу жайдын расмий сайтында институттун жашоосу жөнүндө сапаттуу материалдардын чыгышын камсыздоо.
4. Институттун расмий сайтынын, соц. тармактагы баракчаларынын контентин актуалдуу абалда кармоо жана ага жаңыланып турган маалыматты өз убагында жайгаштыруу.

5. Институттун ишмердүүлүгүн жана ага байланыштуу долбоорлорду объективдүү жана ар тараптуу чагылдыруу үчүн ЖМК (СМИ) менен өз ара аракеттенүү.

3. ФУНКЦИЯЛАР

Жүктолгөн милдеттерге ылайык, коомчулук менен байланыш бөлүмү төмөнкү функцияларды аткарат:

1. Массалык маалымат каражаттары менен кызматташуу. Институтту медиа жана маалымат айдыңында таанытуу.
2. Студенттерди илим изилдөөгө, маданий жана спорттук чөйрөгө аралаштыруу. Жаштарга арналган түрдүү рубрикаларды, даректүү видео тасмаларды даярдоо.
3. Окуу жай сайтына жана соц. баракчаларына түрдүү контенттерди жайгаштыруу.
4. Институттун сайтынын жаңылыктар лентасында жана окуу жайдын социалдык тармактардагы расмий баракчаларында иш-чаралардын чыгарылышын камсыздоо. Жаңылыктар топтомун эфирге алып чыгуу.
5. Имидждик жана даталуу күндөргө арналган атайын видео роликтерди иштеп чыгуу.
6. Маалыматтык коопсуздукту сактоо жана окуу жайды коомчулукка таанытуу максатында маалымат саясатын жүргүзүү.

4. УКУКТАР

Коомчулук менен байланыш бөлүмү төмөнкү укуктарга ээ:

1. Ош гуманитардык педагогикалык институту тарабынан өткөрүлүп жаткан иш-чаралар жана расмий сайтта чагылдырылышы керек болгон өзгөрүүлөр жөнүндө актуалдуу маалыматтарды суроо.
2. Мамлекеттик бийлик органдары жана ЖМК менен өз ара аракеттенүүгө катышуу.
3. Бөлүм КР мыйзамдарын эске алуу менен маалыматтарды таркатууда автордук жана аралаш укуктарды сактоо.
4. Бөлүмдүн материалдык – техникалык базасын өркүндөтүүгө багытталган зарыл иш-чараларды жүргүзүү.
5. Кызматкерлердин коомдук милдетти аткарган адам катары кесиптик кызыкчылыктарын коргоо.

5. ЖООПКЕРЧИЛИК

5.1. Ушул жободо аныкталган коомчулук менен байланыш бөлүмүнүн милдеттеринин жана функцияларынын өз убагында жана сапаттуу аткарылышы үчүн жоопкерчиликти коомчулук менен байланыш бөлүмүнүн башчысы тартат.

5.2. Башка кызматкерлердин жоопкерчилиги кызматтык нускамалар менен аныкталат.

6. ЖЫЙЫНТЫК ЖОБОЛОР

6.1. Бул жобо белгиленген тартипте өзгөртүлүшү жана толукталышы толугу менен мүмкүн.